# Жакырчылыкты азайтуу стратегиясы катары Колумбиядагы мамлекеттик саясат тармагында ведомство аралык иш

- *Ведомстволор аралык координация татаал социалдык көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн керек.*
- *Колумбия 2010-жылдан баштап балдарга тиешелүү жакырчылыктын көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүдө ийгиликтерге жетишти.*
- *Аныкталган көйгөйлөр өзүнө мигранттардын балдары жөнүндө кам көрүүнү жана шаар менен айыл ортосундагы ажырымды жоюуну камтыйт.*

**Констанца Аларкон Паррага**
*Башталгыч жана орто мектепке чейинки билим берүү вице-министри, Богота, Колумбия*

**Социалдык көйгөйлөр көп тараптуу, көптөгөн өз ара көз каранды себептери менен, алар каалаган жеке ведомствонун же катышуучунун жоопкерчилигинин чегинен чыгып кетет. Муну түшүнүү менен, Колумбия акыркы он жылдыкта комплексттүү мамилелерди жана өз ара байланышкан аракеттерди колдоого алган ведомстволор аралык координациялоо механизмдерин түзүү менен олуттуу социалдык көйгөйлөрдү чече баштады. Акырындык менен, бул механизмдер өзүлөрүнүн бүтүндүк перспективасына негизделген бирдиктүү башкарууну өнүктүрүү үчүн ведомстволор аралык координациясынын аракеттеринин чегинен чыга алышты.**

Жер которгон калкты комплекстүү колдоонун Улуттук системасы (англ. SNAIPD) бир мисал болуп эсептелет. Өлкөнүн мажбурлап көчүрүүдөгү[1] укуктардын бузулушу жөнүндө Конституциялык Соттун чечиминин натыйжасында мамлекеттик саясат күчөтүлдү. Бул жабырлануучуларга көбүрөөк укук берген жок, бирок алардын укугун сактоо мүмкүнчүлүгүн жакшыртты. Мамлекеттин алдын алуу аракеттеринин натыйжалуулугун, өзгөчө кырдаалдуу гуманитардык жардамды, кайтып келүүнү, консолидацияны жана социалдык-экономикалык стабилизацияны жогорулатуу калкка карата терс таасирин жумшартты.

Өлкөдө жакырчылыкты кыскартуу боюнча ушундай эле ведомстволор аралык механизми – «Red Unidos» (Бириккен торчо) колдонулган. 2006-жылдан баштап бул калктын ушул катмарларынын жашоо шарттарын жакшыртуу жана алардын укуктарын коргоо боюнча комплекстүү иш-чаралар аркылуу өтө жакырчылыктын көп сандагы аспектилери менен күрөшүүдө ар кандай түзүлүштөрдүн координациясына түрткү болду.

Жакынкы убакытка чейин Колумбияда балдарга карата саясат укуктардын бузулушун алдын алууга, ошондой эле укуктардын толук ишке ашуусуна таасир эткен адилетсиз жагдайларды чечүүгө көңүлүн топтогон. Бул тенденция кенже курактагы балдарды ар тараптуу өнүгүүсү боюнча De Cero A Siempre («Нөлдөн жана түбөлүккө чейин») Мамлекеттик саясаттын пайда болушу менен өзгөрүлдү, ага жоопкерчиликти эрте курактагы балдардын иштери боюнча Ведомство аралык комиссия (англ. CIPI) алган, ал ар бир бала тарабынан өз дараметин ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү боюнча ар түрдүү ведомстваларды жетектейт.

Комплекстүүлүк саясаттын борбордук элементи болуп эсептелет. Адамдарга, алардын реалдуулугуна жана жагдайларына карата жөнөкөйлөтүлгөн көз караштарды түшүнүү оңой, бирок алар билимди үзүшөт. Жаңы баяндамалар

[1] Конституциялык Сот. 2004-жылдагы, Т-025 Токтому

адамдар муктаж социалдык колдоонун көп кырдуу жана системалуу мүнөзүн айкындоосу зарыл. Бул катышуучулар ортосунда шайкеш синхрондоштурууну күчөтүүчү ведомство аралык координациялык стратегиянын негизин түзүшү мүмкүн.

Мамлекеттик саясат балдарды кароо жана тарбиялоо, ден-соолук, тамак-аш жана тамактануу, башталгыч билим берүү, эс алуу, ошондой эле коомго катышуу жана жарандыкты ишке ашыруу менен байланышкан аракеттерди камтыйт. Ал балдардын кадыр-баркын коргоого, үй-бүлөлөрдү жана аларга кам көрүүгө жооптуу адамдар менен болгон байланышты бекемдөөгө, ошондой эле ар түрдүүлүктө жеке жана коллективдүү иденттүүлүк сезимин калыптандырууга жана алардын өзүн өзү аныктоосуна көмөктөшүүгө багытталган.

## Жакырчылыктын көрсөткүчтөрү боюнча өсүү

Эрте балалыкта комплексттүү кароо боюнча туруктуу аракеттер 2011-жылдан баштап жакырчылыктын ар кандай өлчөмдөрүнүн көрсөткүчтөрүнүн жакшырышы менен көрсөтүлөт. Жакырчылыктын көп өлчөмдүү индекси (англ. IPM) беш көрсөткүч боюнча топтолгон 15 өзгөрмөнү эске алат:

1. Окутуу шарттары (жетишкендиги төмөн жана сабатсыздык).
2. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн жашоо шарттары (сабактан калуу, мектептен артта калуу, кичинекей балдарга кам көрүү, балдар эмгеги).
3. Үй чарба мүчөлөрүнүн жумушка орношуусу.
4. Медициналык жардам жана камсыздандыруу.
5. Турак-жай шарттары.

*Констанца Аларкон Паррага Башталгыч жана орто мектепке чейинки билим берүү вице-министри Supérate con el Saber финалында, Богота, 2018-ж.*



*Сүрөт Улуттук билим берүү министрлиги тарабынан берилген*

IPM талдоо жүргүзүүдө көрсөткүч катары үй чарбасын пайдаланат: эгер бир мүчө кандайдыр бир жетишсиздикти башынан өткөрсө, анда бул бүтүндөй үй чарбасына таасир этет. Мисалы, эгерде 5 же андан кичүү курактагы бир эле бала кароо боюнча комплексттүү кызматтарга жеткиликтүүлүккө ээ болбосо, үй чарбалары балага кам көрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт деп эсептелет; эгерде үй чарбасынын башка балдары жеткиликтүүлүккө ээ болушса дагы, анда үй чарбасын түзүүчүлөрдүн бардыгы, эгер ал 15 өзгөрмөнүн жок дегенде бешөөнө дал келбесе, көп тараптуу жакыр деп эсептелет. Көп жактуу жакырчылык 2010-жылдагы 30,4% дан 2018-жылда 19,6% га чейин төмөндөгөн (Улуттук статистика башкармалыгы (DANE), онлайн).

15 өзгөрмөнүн алтоосу балдарга, өспүрүмдөргө жана алардын билим алуусуна байланыштуу. Бул тармактардагы саясаттын чаралары жакырчылыкты кыскартууда маанилүү ролду ойногонун билдирет. De Cero a Siempre менен Колумбия эрте курактагы балдарды кароо боюнча сапаттуу тейлөө кызматтарына камтууну 2010-жылы 566 429 баладан баштап, 2018-жылы 1,1 миллионго чейин көбөйттү (Улуттук пландаштыруу департаменти (DNP), 2010, 2019). Өткөөл класска барган балдардын үлүшү - башталгыч мектепке даярдануу үчүн мектепке чейинки билим берүү жылы - 61,8% дан 64,06% га чейин өскөн (Ушул эле мезгилде билим берүү системасынын бардык деңгээлдериндеги таза камтылуу 89,8% дан 92,3% га чейин жогорулады). Бул жетишкендиктер балдарды кароо боюнча кызматтар үчүн тоскоолдуктарга карата IPM өзгөрмөсүн канааттандырбаган үй чарбаларынын санын 2010-жылдагы 11,8%ды 2018-жылы 9,3%га чейин кыскартты.

Кароо боюнча комплекстүү чаралар дагы тамактануунун мониторинги, азык-түлүктү сапаттуу жеткирүү, өсүүнү стимулдаштыруу жана вакцинацияны жайылтуудан улам 2010-жылдагы 13,2% дан 2015-жылы 10,8% га чейин өнөкөт тамактанууну кыскарткан (Саламаттыкты сактоо министрлиги, 2015). Мындан тышкары, кош бойлуу аялдарды төрөткө чейинки текшерүүдөн өткөрүү, төрөт учурунда ылайыктуу кам көрүү, эмчек эмизүүгө көмөктөшүү жана эрте билим берүү программалары боюнча кеңештер – ушулардын бардыгы энелердин өлүмү 2010-жылдагы 100 миң тирүү төрөлгөнгө 71,9%дан 2018-жылы 44%га чейин (Nacional de Salud институту, 2019); ымыркайлардын өлүмү 2010-жылдагы 1000 тирүү төрөлгөнгө 12,8%дан 2017-жылы 10,7%га чейин; ошол эле мезгилде 5 жашка чейинки балдардын өлүмү 15,7%дан 13%га чейин (Саламаттыкты сактоо министрлиги, 2019)[2] азайышына жардам берди.

Саясаттын ведомстволор аралык аракеттеринин алкагында, Өкмөттүн «Үй-бүлө аракетте» программасы 2011-жылы балдарды өткөөл класска кабыл алууну субсидиялоо үчүн кайрадан иштелип чыккан. Бул орто мөөнөттүү перспективада билим берүү системасына кеч кирген балдардын санын кыскартат деп күтүлүүдө. Башка курактык топтордун арасынан алынган маалыматтар, программанын акчалай которуулары билим берүүнүн көрсөткүчтөрүнө түз таасири бар экендигин көрсөтөт: мисалы, муниципалдык борборлордо окуудан чыгып калуу ыктымалдыгы 0,8%га төмөндөгөн. Шаардык райондордо кабыл алуу ыктымалдыгы болжолдуу 16%га жана айыл жеринде 23%га көбөйүшү жана балдар эмгегинин кыскаруусу менен орто билим берүү класстарында позитивдүү натыйжалар көрсөтүлгөн.

## Аныкталган көйгөйлөр

Натыйжалар өлкө туура жолдо бараткандын көрсөткөнүнө карабастан, жакынкы жылдары мамлекеттик саясаттын алдында үч олуттуу милдеттер турат.

[2] Бул бардык курактагы бардыгы үчүн бакубат жашоосуна көмөктөшүүгө жана ден-соолукту жашоо образын камсыз кылууга багытталган БУУнун туруктуу өнүгүүсүнүн 3-максатына жетишүүгө өбөлгө түзөт, анын негизги максаты – энелердин өлүмүн азайтуу жана 5 жашка чейинки балдардын өлүмүнө жол бербөөгө түрткү берет.

***1. Мигранттар жөнүндө кам көрүү***

Венесуэладан, Колумбиядан миграциянын өсүү шарттарында, мигранттардын балдарынын көп саны жана Колумбияда мигранттардан төрөлгөндөр жөнүндө кам көрүү керек. Көйгөйлөр дээрлик бардык ведомстволорго тиешелүү: саламаттык сактоо системасы төрөткө чейинки текшерүүнү, эмдөөлөрдү жана тез жардамды камсыз кылышы керек. Колумбиянын үй-бүлөлүк бакубаттуулук институту (англ. кыскартылган сөз ICBF) болжол менен 68,340 балага эрте курактагы балдарды тейлөө боюнча комплексттүү кызматтарды камсыз кылышы керек, ал эми билим берүү сектору болжол менен 314 736 окуучулар жөнүндө камкордугуна кепилдик бериши керек.

***2. Шаар менен айылдын ортосундагы ажырымды жоюу***

Дээрлик бардык көрсөткүчтөр боюнча ири шаарлар менен айылдык аймактардын ортосундагы айырмачылыктар бир гана камтуу жагынан эмес, өзгөчө кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынан айырмага ээ. Бул теңсиздик куралдуу кагылышуулардан жапа чеккен аймактарда мындан дагы көбүрөөк. Өлкөнүн географиялык өзгөчөлүктөрү айыл жергесинде мамлекеттик саясаттын жүзөгө ашырылышын татаалдаштырат жана чыгымдарды талап кылат, бирок социалдык теңчиликти алдыга жылдыруу үчүн бул чечүү керек болгон актуалдуу көйгөй.

***3. Ковид-19 пандемиясынан улам ыңгайлашуу***

Билим берүү системасы үй-бүлөнүн катышуусун, жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылууда жаңы милдеттерге туруштук берүү үчүн үйдө окутуунун альтернативдүү методикаларын колдонуу менен кызматтарды сунуштоо үчүн тез ыңгайланышы керек болду. Мамлекеттик башкарууда балдар ылайыктуу окутууну улантышы үчүн бизге чыгармачыл мамилени көрсөтүү зарыл. Бүгүн кабыл алынган чечимдер адамдардын жашоосуна узак мезгилдерге чейин таасирин тийгизет.

Уюмдар өз миссияларын аткарууга адистешкен учурда, ведомстволор аралык иштер уламдан-улам зарыл болуп баратат. Бул олуттуу көйгөйлөрдү чечүүнүн жана бардыгы үчүн жыргалчылыкты камсыз кылуунун эң натыйжалуу жолу.

Сиз бул макаланы earlychildhoodmatters.online/2020-26 шилтемеси боюнча таба аласыз.

БИБЛИОГРАФИЯ


Institute Nacional de Salud. (2019). *Mortalidad Materna, Colombia 2018.* Bogota: INS.

Ministry of Health. (2015, online). *National Survey of the Nutritional Situation ENSIN 2015.* Available at: https://www.minsalud.gov.co/salud/publica/epidemiologia/Paginas/encuesta-nacional-de-situacion-nutricional-ensin.aspx (accessed May 2020).

Ministry of Health. (2019). Analisis de Situation de Salud (ASIS), Colombia 2019. Bogota: Minsalud.

National Planning Department (DNP). (2010). *Bases del Plan Nacional de Desarrollo 2010¬2014: Prosperidad para todos.* Bogota: DNP. Available at: https://colaboracion.dnp.gov.co/CDT/PND/Bases%20PND%202010-2014%20 Version%205%2014-04-2011%20 completo.pdf (accessed July 2020).

National Planning Department (DNP).(2019). *Bases del Plan Nacional de Desarrollo 2018-2022: Pacta por Colombia, pacta por la equidad.* Bogota: DNP. Available at: https://colaboracion.dnp.gov.co/CDT/Prensa/ Bases PND2018-2022n.pdf (accessed July 2020).

National Statistics Administration Department (DANE). (Online). *Pobreza y desigualdad, 2018.* Available at: https://www.dane.gov.co/index.php/estadisticas-por-tema/pobreza-y-condiciones-de-vida/pobreza-y-desigualdad (accessed April 2020).


**Бул «Эрте балалыктын мааниси» макаланын басылмасынын кыргыз тилинде жеткиликтүү болушу Бернард ван Лир Фондусунун (BVLF) жана Эл аралык «Кадам артынан кадам» ассоциациясынын (ISSA) өнөктөштүк демилгеси менен, ISSA мүчөсү Билим берүүдөгү демилгелерди колдоо Фонду менен кызматташтыкта мүмкүн болду.**